Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлигинин
«___» _______________ 2021-ж.
№ _________ буйругуна тиркеме

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**БАГЫТЫ: 531000 - Филология**

**Квалификациясы: Бакалавр**

**Бишкек 2021**

## 1. Жалпы жобо

**1.1.** Жогорку кесиптик билим берүүдө **531000 «Филология» багыты** боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы башка нормативдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартип менен бекитилген.

Бул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан бакалаврларды даярдоо боюнча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырган бардык жогорку окуу жайлары үчүн милдеттүү болуп саналат.

### 1.2. Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар

Бул Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын мыйзам тартибинде күчүнө кирген кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдерге ылайык терминдер жана аныктамалар колдонулат:

- **негизги билим берүү программасы –** максатын, күтүлгөн жыйынтыктарын, тиешелүү багыт боюнча билим берүү процессин ишке ашырылышынын жөнгө салган окуу-методикалык документациялардын жыйындысы;
- **даярдоо багыты** – фундаменталдык даярдоо жалпылыктарынын негизинде кадрларды ар кандай профилдеги жогорку кесиптик билимге (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо боюнча билим берүү программаларынын жыйындысы;
- **профиль-** негизги билим берүү программасынын кесиптик ишмердүүлүктөгү конкреттүү бир түргө жана объектиге багытталышы;

- **компетенция** – окуучунун (билим алуучунун) белгилүү бир чөйрөдө натыйжалуу продуктивдүү ишмердиги үчүн зарыл болгон билимди алууда аны даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап (ченем);
- **бакалавр** – магистратурага тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүктү ишке ашырууга укук берген жогорку кесиптик билим берүү квалификациясынын деңгээли;
- **магистр** - аспирантурага жана базалык докторантурага тапшырууга (PhD/ профиль боюнча) жана кесиптик ишмердүүлүктү ишке ашырууга укук берген жогорку кесиптик билим берүү квалификациясынын деңгээли;
- **кредит** -негизги кесиптик билим берүү программасындагы эмгек көлөмүнүн шарттуу ченеми;
- **окутуунун жыйынтыктары** - негизги билим берүү программасы (модулу) боюнча окуунун жыйынтыгында алган компетенциялар;
- **жалпы илимий компетенциялар** – кесиптик ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүнө мүнөздүү жалпылыктар: окууга, анализ жана синтез кылууга ж.б. жөндөмдүү болуу
- **инструменталдык компетенциялар-** когнитивдик жөндөмдөрдү, идеяларды түшүнүү жана колдонуу жөндөмдөрүн; методологиялык жөндөмдөрдү, курчап турган чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу жөндөмүн, убакытты уюштуруу, окутуу стратегиясын түзүү, чечимдерди кабыл алуу, маселелерди чечүү жөндөмдөрүн; техниканы колдонуу, компьютер менен иштөө, маалыматтык башкаруу, лингвистикалык анализ, коммуникативдик компетенциялар жөндөмдөрүн камтып турат.
- **социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар** – сезимдерди жана мамилелерди билдирүү, сын көз караш менен кароо менен байланышкан жеке жөндөмдөр, социалдык карым-катыштар жана кызматташтыктар процесстери менен байланышкан социалдык жөндөмдөр, жамаатта иштөө, социалдык жана этикалык милдеттери кабыл алуу жөндөмдөрү;

- **кесиптик стандарт** – кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрүнүн чегинде мазмунуна жана сапатына коюлган талаптарды аныктаган, ар кандай уюмдардын штатында иштей ала турган кызматкердин сапаттык деңгээлин сыпаттаган негизги документ;

**1.3. Кыскартуулар жана белгилер**

Бул мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкүдөй кыскартуулар колдонулат:

**МББС** – Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП** – негизги билим берүү программасы;
**ОМБ** – окуу – методикалык бирикме;
**ЖИК** – жалпы илимий компетенциялар;
**ИК** – инструменталдык компетенциялар;
**СИЖМК** -социалдык – инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.
**КК** –кесиптик компетенциялар;

## 2. Колдонуу чөйрөсү

2.1. Жогорку кесиптик билим берүүнүн бул Мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - ЖКББ МББС) **531000** – **Филология** багытындагы бакалаврларды даярдоо боюнча жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү нормалардын, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы жана окуу жана уюштуруучулук-методикалык документтерди иштеп чыгууда, Кыргыз Республикасынын аймагында бакалаврларды даярдоо үчүн лицензиясы бар, жеке менчик жана ведомстволук тиешелүүлүгүнө карабастан бардык жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде (мындан ары - **ЖОЖдор**) жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп саналат.

2.2. **531000 – Филология** багытындагы бул ЖКББ МББСнын негизги колдонуучулары:

- ЖОЖдун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), окуу жайдын негизги кесиптик билим берүү программаларын аталган багыт боюнча

илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эске алуу менен эффективдүү иштеп чыккан жана аны жаңылаган, аны ишке ашырууга жооптуу адамдар;

- ЖОЖдун аталган багыт боюнча даярдоонун негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн натыйжалуу ишке ашырууга жооптуу студенттер;
- кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндөгү адистердин жана жумуш берүүчүлөрдүн бирикмеси;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү борбордук, мамлекеттик органдардын аткаруу бийлигинин тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программасын иштеп чыгууну камсыз кылуучу кеңеш жана окуу-усулдук бирикмелер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- жогору кесиптик билим берүү системасындагы мыйзамдуулуктун сакталышын камсыз кылган аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- билим берүү программаларын жана уюмдарды аккредитациядан өткөргөн аккредитациялык агенттиктер;

**2.3. Абитуренттердин даярдык деңгээлине болгон талаптар**

2.3.1. «Бакалавр» академиялык даражасын алуу менен жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли - жалпы орто билим же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билим.

2.3.2. Абитуриенттин жалпы орто билими же кесиптик орто (же кесиптик жогорку) билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документи болушу керек.

## 3. Даярдоо багыттарынын жалпы мүнөздөмөсү

3.1. Кыргыз Республикасында **531000 – Филология** багыты боюнча даярдык төмөнкүдөй жалпы кесиптик билим берүү программаларынын негизинде ишке ашат:

- бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББП;
- магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББП.

Бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн жождордун бүтүрүүчүлөрүнө «бакалавр» академиялык даражасын ыйгаруу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

Магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн жождордун бүтүрүүчүлөрүнө «магистр» академиялык даражасын ыйгаруу менен жогорку билими тууралуу диплом берилет.

Бакалаврларды даярдоо багытынын чегинде ЖКББ НББПнын профилдери квалификациялардын тармактык/ сектордук чектеринин негизинде жож тарабынан аныкталат.

3.2. Күндүзгү окуу формасындагы жалпы орто же кесиптик орто билим базасында **531000 – Филология** багытында бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 4 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча бакалаврларды даярдоодо, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан учурда ЖКББ НББПны өздөштүрүү жана окутуу жож тарабынан алты айдан бир жылга чейин узартылат.

Профилге тиешелүү орто кесиптик же жогорку кесиптик билими бар жактарга бакалаврларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПны тездетилген программада өздөштүрүү укугу берилет.

Тездетилген программаны ишке ашырууда окуу мөөнөтү студентти орто кесиптик же жогорку кесиптик билими боюнча толугу менен же кээ бир дисциплиналар, практика боюнча кайра аттестациядан өткөрүүнүн

жыйынтыгы (перезачет) менен аныкталат.

Орто кесиптик билим берүүнүн профилинин жогорку кесиптик билим берүү профилине шайкештиги жож тарабынан өз алдынча аныкталат.

Орто кесиптик билим берүү базасында күндүзгү окуу формасында бакалаврларды тездетилген программанын негизиндедаярдоо боюнча ЖКББ НББПны өздөштүрүү мөөнөтү 3 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Индивидуалдык окуу планы боюнча окутууда билим алуу формасына карабастан окутуу мөөнөтү жож тарабынан өз алдынча аныкталат.

Ден соолугу жактан мүмкүнчүлүгү чектелген жактарды индивидуалдык план боюнча окутууда жож окутуу мөөнөтүн узартуу укугуна ээ.

Бакалаврларды жана магистрлерди даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилейт.

3.3. **Бакалаврларды даярдоодо ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн** жалпы эмгек сыйымдуулугу 240тан кем эмес кредитке барабар.

Күндүзгү окуу формасы боюнча окуу жылындагы ЖКББ НББПнын эмгек сыйымдуулугу 60тан кем эмес кредитке барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30 кредитке барабар (окуу процесси эки семестр болгон учурда).

Бир кредит (зачёттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичинде аудиториялык, өз алдынча иштер жана аттестациянын бардык түрлөрү бар).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча негизги билим берүү программасынын, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалышкан жана дистанттык билим берүү технологиялары пайдаланылган учурдагы эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 48тен кем эмес кредитти түзөт.

3**.4. Инсанды 531000 - Филология багыты боюнча ЖКББ НББПны окутуу жана тарбиялоо максаттары.**

3.4.1. **531000 - Филология багыты боюнча** ЖКББ НББПны окутуунун максаты бакалаврларга тил жана адабиятты, алардын тарыхый өнүгүшүн окутуу, ошондой эле ар кандай типтеги (жазуу, оозеки, виртуалдык ж.б.) тексттерди түзүү, интерпретациялоо, редакция кылуу жана которууга үйрөтүү, аларды студенттерди жеке инсандык сапатын жана кесиптик компетенцияларын калыптандырууда, практикалык ишмердүүлүктө жыйынтыктарга жетүүдө колдонууга багыт берүү аркылуу ар тараптуу кесиптик ишмердүүлүккө даярдоо болуп саналат.

3.4.2. Инсанды **531000 - Филология багыты боюнча ЖКББ НББПны окутуу жана тарбиялоонун максаты** студенттердин социалдык-инсандык сапатын: максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекчилдик, жоопкерчиликтүүлүк, жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, алардын жалпы маданиятын жогорулатуу ж.б калыптандыруу болуп саналат.

**3.5. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүк багыттары**

**531000 -Филология** багыты боюнча билим алган бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүк багыттары:

- билим берүү жана илим (билим берүү жана илимий изилдөө мекемелери);
- тарых, маданият жана искусство;
- байланыш, маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар (маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарда маалымат ресурстарын түзүү жана башкаруу);
- башкаруу, тескөө, документтик камсыздоо;
- массалык маалымат каражаттары, басма жана полиграфия;
- котормо иштери  (оозеки, жазма, синхрондук ж.б.).

Бүтүрүүчүлөр кесиптик ишмердүүлүгүн башка тармактарда да билим деңгээлине жана өздөштүргөн  компетенцияларына ылайык жүргүзө алышат.

**3.6. Бакалаврлардын кесиптик ишмердүүлүктөрүнүн объектилери**

Даярдоо багыты боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүктөрүнүн объектилери:

- тилдер (ата мекендик жана чет элдик), алардын теориялык жана практикалык, синхрондук, диахрондук, социомаданияттык жана диалектологиялык аспектилери;
- көркөм адабият (ата мекендик жана чет элдик) жана элдик оозеки чыгармачылык, алардын тарыхый жана теориялык аспектилери, ар кандай өлкөлөрдөгү жана аймактардагы мыйзам ченемдүүлүктөрү;
- ар кандай типтеги тексттер – жазуу, оозеки жана виртуалдык (гипертексттер, мультмедиялык объектилердин тексттик элементтери)
- оозеки жана жазуу коммуникациясы;
- билим жана тарбия берүү процесстери, окуу-методикалык документация;
- ченемдик-укуктук документтер, сертификация системасы;
- жыйноо жана анализ методдору, илимий долбоорлор;

3.7. **Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүк түрлөрү:**

- илимий изилдөөчүлүк;
- педагогикалык;
- котормочулук жана редакторлук;
- уюштуруучулук-башкаруучулук;
- эксперттик-аналитикалык.

Бүтүрүүчүлөр даярдалган негизги кесиптик ишмердүүлүктүн конкреттүү түрлөрү жож тарабынын тиешелүү кесиптик стандарттын негизинде же жумуш берүүчү тарап менен бирдикте иштелип чыккан билим берүү программаларынын мазмунун аныктоосу зарыл.

3.8. **Бакалаврлардын кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери:**

***а) илимий-изилдөөчүлүк ишмердүүлүктө:***

- Филологиянын жана башка гуманитардык илимдердин тармактарында теориялык жана практикалык билимдерди колдонуу менен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- өзүнчө тилдик, адабий жана коомуникативдик кубулуштардын, процесстердин, көркөм чыгармалардын жана башка тексттердин илимий концепцияларынын негизинде аргументтүү ой-жүгүртүүлөрдүн формулировкасы менен анализ жана интерпретация жүргүзүү;
- илимий маалыматтарды жыйноо, сереп, аннотация даярдоо; жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн тематикасы боюнча реферат жана библиография түзүү;
- илимий дискуссияларга жана ар кандай деңгээлдеги илимий иштерди коргоонун процедураларына катышуу; жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн тематикасы боюнча баяндама менен чыгып сүйлөө;
- жеке изилдөөлөрдүн материалдарын оозеки, жазуу жана виртуалдуу (маалымат тармактарына жайгаштыруу) түрдө көрсөтүү;

***б) педагогикалык ишмердүүлүктө:***

- жалпы орто, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринде тил жана адабият боюнча окуу жана класстан тышкаркы сабактарын өткөрүү;
- азыркы методикалардын жана технологиялардын негизинде сабактарды жана класстан тышкары иш чараларды өткөрүү үчүн окуу –методикалык материалдарды даярдоо;
- филологиялык билимдерди жайылтуу жана окуучулар менен тарбия иштерин алып баруу;

***в) котормочулук жана редакторлук ишмердүүлүктө***:

- тилдик жана адабий фактыларды салттуу методдорду жана заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен чогултуу жана иштеп чыгуу (уюштуруу, иштеп чыгуу, сактоо, трансформация жана жалпылоо);
- ар кандай типтеги тексттерди иштеп чыгуу (корректура, редакция, комментирий берүү, системага салуу, жалпылоо, реферат кылуу);
- сөздүк жана энциклопедияларды түзүүгө, мезгилдик басылмаларды чыгарууга катышуу, архивдик материалдарды иштеп чыгууга ж.б. катышуу;
- бир тилден экинчи тилге ар кандай типтеги тексттерди (негизинен илимий жана публицистикалык, ошондой эле документтерди);

- документтерди, илимий эмгектерди жана көркөм чыгармаларды аннотация жана реферат кылуу;
- Кыргыз Республикасында жашаган улуттар аралык, инсан аралык, массалык жана маданият аралык оозеки жана жазуу коммуникациясын (ар кандай лингвомаданий коомчулукка тиешелүү болгон инсандар менен пикир алышуу) ишке ашыруу;

***г) уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүктө:***

- өз алдынча эмгек процессин уюштуруу, аткаруучулардын чакан жамаатынын иштерин уюштуруу;
- жамааттын кесиптик өнүгүшүн уюштуруу;
- текстти иштеп чыгууда, редакция кылууда, интерпретациялоодо жана которууда конкреттүү чечим кабыл алуу;
- эксперттик топтордун иштерине, ар кандай типтеги семинарларды, конференцияларды, иштиктүү жана расмий жолугушууларды, консультацияларды, сүйлөшүүлөрдү даярдоого уюштурууга жана өткөрүүгө, материалдарды публикацияга даярдоого ж.б. катышуу,
- мекемеде же ишканада документтер менен иштөө;

***д) эксперттик-аналитикалык ишмердүүлүктө:***

- адабий жана адабий-көркөм музейлер үчүн экспозицияларды түзүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу;
- калктын кептик маданиятын өнүктүрүүгө байланышкан долбоорлорго катышуу;
- Балдардын чыгармачылык ийриминин чегинде билим алуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгү менен байланышкан долбоорлорду иштеп чыгуу, адабий оюндардын, адабий-драмалык жана поэтикалык фестивалдардын сценарийлерин түзүү;
- эксперттик-консультациялык иштерди жүргүзүү, инновациялык долбоорлордун иштерине катышуу, ошондой эле конкреттүү социалдык-маданий параметрлерди эске алуу менен долбоорлорду иштеп чыгуу;

- эксперттик-аналитикалык ишмердүүлүктү ишке ашыруунун жыйынтыгы менен илимий-аналитикалык отчетторду, жыйынтыктарды, аннотацияларды, библиографияларды даярдоо;

## 4. НББПны ишке ашыруу шарттарына коюлган жалпы талаптар

### 4.1. НББПны ишке ашырууда жождун укуктарына жана милдеттерине болгон жалпы талаптар

4.1.1. ЖОЖдор даярдоонун багыты боюнча негизги билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгат. НББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча эмгек рыногунун керектөөлөрүн эсепке алуу менен тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгып, жождун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

ЖОЖдор НББПны илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, жождо билим берүүнүн сапатынын камсыз кылуу максатында төмөндөгү сунуш-көрсөтмөлөрдүн негизинде 5 жылда бир жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштелмеси;

- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоо мониторинги;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимин жана билгичтигин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү процедураларынын иштелмелери;

- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү програмаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөө, ошону менен бирге билим алып жаткандарды сурап-билүү жол;

- өзүнүн ишин (стратегияларын) баалоо максатында макулдашылган критерийлер боюнча өзүнө-өзү изилдөө жүргүзүп туруу, башка билим берүү мекемелерине салыштыруу;

- коомчулукту өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, пландары, жаңылоолору тууралуу маалымдоо.

4.1.2. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын күндөгү, аралыктык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Баалоо каражаттарынын базасын ЖОЖ өзү иштеп чыгат.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациядан өткөрүү, бүтүрүү квалификациялык иштеринин көлөмү, түзүлүшү, мазмунуна коюлган талаптар жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация тууралуу Жобонун чегинде ЖОЖ тарабынан аныкталат.

4.1.3. НББПны иштеп чыгууда жожду бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык компетенцияларын (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн өзү уюштурууну жана системалык-иш мүнөзүндөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталуусу керек. ЖОЖ ЖОЖдун социалдык-маданий чөйрөсүн түзүп калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

ЖОЖ окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын ишине катышуусун, спорттук жана чыгармачылык клубдарды, илимий студенттик коомдорду кошуп, өнүктүрүүгө көмөктөш болууга милдеттүү.

4.1.4. Жогорку окуу жайларынын НББПсы студенттин тандоосу боюнча дисциплинаны түзүүсү керек. Студенттердин тандоосу боюнча дисциплиналарды калыптандыруу тартибин жождун Окумуштуулар кеңеши аныктайт.

4.1.5. ЖОЖ студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусуна мүмкүнчүлүк берүүгө милдеттүү.

4.1.6. ЖОЖ НББПны түзүүдө студенттердин укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга, алар тандап алган дисциплиналарды милдеттүү түрдө өздөштүрүү арылдыгын, дисциплиналардын суммалык эмгек сыйымдуулугу

окуу планында каралгандан көлөмдөн кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.

### 4.2. НББПны ишке ашырууда студенттин укуктарына жана милдеттерине болгон жалпы талаптар

4.2.1. Студенттер тандоо боюнча окуу дисциплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын чегинде НББПда каралган конкреттүү дисциплинаны тандап алууга укуктуу.

4.2.2. Студент өзүнүн жекече билим берүү траекториясын түзүүдө дисциплиналарды тандоодо жана алардын келечектеги профилге (адистикке) тийгизген таасири туууралуу ЖОЖдон консультация алуу укугуна ээ.

4.2.3. Студенттер НББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетүү максатында СИЖМКны өнүктүрүүдө студенттик өз алдынча башкаруунун, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

4.2.4. Студенттер ЖОЖдун НББПсында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

4.3. Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтып, жумасына 45 саатты түзөт.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумадагы аудиториялык сабактардын көлөмүн ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын спецификасын негизинде мамлекеттик билим берүү стандарты аныктайт, ал ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35% кем эмес бөлүгүн түзүп турат.

Окуу дисциплинасы боюнча бөлүнгөн өз алдынча иштердин саатына тиешелүү дисциплина боюнча сынакка даярдануу убактысы да камтылган.

4.4. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбошу керек.

4.5. Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүнчүлүгү бир жылда 160 сааттан аз эмес көлөмдө камсыз кылынышы керек.

4.6. Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7 жумадан кем эмес, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес убакытты камтуусу зарыл.

## 5.Бакалаврларды даярдоодо НББПга коюлган талаптар

### 5.1. Бакалаврларды даярдоодо НББПны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына коюлган талаптар

**531000 - Филология** багыты боюнча "бакалавр" квалификациясына ээ болгон бүтүрүүчү НББПнын максаттарына жана ЖКББ МББСнын 3.4. жана 3.8. пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иш тапшырмаларына ылайык төмөндөгү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) универсалдуу:**

**- жалпы илимий (ЖИК):**

**ЖИК–1.** Курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдерди сын көз караш менен баалап, колдонууга, турмуштук, маданий баалуулуктарга ыңгайлашууга, жарандык позицияны ээлөөгө, башка адмдарга сый-урмат мамиле кылууга жана толеранттуулукка жөндөмдүү;

**-инструменталдык (ИК):**

**ИК-1.** Өзүнүн ишинин жана окуусунун багытында мамлекеттик, расмий жана башка бир чет тилинде иштиктүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**ИК-2.** Өзүнүн ишинин жана окуусунун багытында татаал маселелерди чечүү үчүн жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерге ээ болуп, аны колдонууга жөндөмдүү;

**ИК-3.** Кесиптик ишмердүүлүгүндө ишкердик билимдерин жана жөндөмдөрүн колдоно алат;

**-социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК):**

**СЛК-1.** Кесиптик ишмердүүлүгүндө максатына жетүүнү камсыз кылууга жөндөмдүү;

**б) кесиптик (КК):**

- ***илимий изилдөө ишмердүүлүгүндө:***

- негизги окулуп жаткан тилдин жана адабияттын теориясынын жана тарыхынын негизги жоболорун жана концепцияларын, коммуникация теориясын, филологиялык анализди, тексттин интерпретациясын, филологиянын тарыхын, азыркы абалын жана келечектеги маселелери тууралуу билимин көрсөтүүгө жөндөмдүү (КК-1);

- тилдик жана адабий фактыларды салттуу методдорду жана заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен чогултуу жана иштеп чыгууга жөндөмдүү(КК-2);

- филолологиялык билимдин конкреттүү бир тар бөлүмүндө кеңири методдору колдонуу менен аргументтүү тыянактар жана жыйынтыктар аркылуу изилдөө жүргүзүүгө жөндөмдүү (КК-3);

- илимий сереп, аннотация даярдоо, жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн тематикасы боюнча реферат жана библиографиялык сыпатто ыкмасын жана негизги библиографиялык булактарды жана издөө системасын колдонуу менен библиография түзүүгө жөндөмдүү (КК-4);

- илимий дискуссияларга катышуу; жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн тематикасы боюнча баяндама менен чыгып сүйлөөгө, жеке изилдөөлөрдүн материалдарын оозеки, жазуу жана виртуалдуу (маалымат тармактарына жайгаштыруу) түрдө көрсөтүү (КК-5);

***б) педагогикалык ишмердүүлүктө:***

-жалпы орто, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринде тил жана адабият боюнча окуу жана класстан тышкаркы сабактарын өткөрүүгө жөндөмдүү (КК-6);

– салттуу жана инновациялык методикалардын жана технологиялардын негизинде сабактарды жана класстан тышкары иш чараларды өткөрүү үчүн окуу –методикалык материалдарды даярдоого жөндөмдүү (КК-7);

– филологиялык билимдерди жайылтуу жана окуучулар менен тарбия иштерин алып барууга жөндөмдүү (КК-8).

***в) котормочулук жана редакторлук ишмердүүлүктө***:

- ар кандай типтеги тексттерди иштеп чыгууга (корректура, редакция, комментирий берүү, системага салуу, жалпылоо, реферат кылуу) жөндөмдүү (КК-9);

- сөздүк жана энциклопедияларды түзүүгө, мезгилдик басылмаларды чыгарууга катышуу, архивдик материалдарды иштеп чыгууга ж.б. катышууга жөндөмдүү (КК-10);

- бир тилден экинчи тилге ар кандай типтеги тексттерди (илимий жана публицистикалык, ошондой эле документтерди) которууга , документтерди, илимий эмгектерди жана көркөм чыгармаларды аннотация жана реферат кылууга жөндөмдүү (КК-11);

- Кыргыз Республикасында жашаган улуттар аралык, инсан аралык, массалык жана маданият аралык оозеки жана жазуу коммуникациясын (ар кандай лингвомаданий коомчулукка тиешелүү болгон инсандар менен пикир алышуу) ишке ашырууга жөндөмдүү (КК-12);

***г) уюштуруучулук-башкаруучулук ишмердүүлүктө:***

- өз алдынча эмгек процессин уюштуруу, аткаруучулардын чакан жамаатынын иштерин уюштурууга, комплекстик иш аракеттерди, процесстерди башкарууга жөндөмдүү (КК-13);

- стандарттуу кесиптик тапшырмаларды маалыматтык-коомуникациялык технологияларды колдонуу менен аткарууга, кокустан пайда болгон шарттарда чечим кабыл алууга жөндөмдүү (КК-14);

- ар кандай типтеги семинарларды, конференцияларды, иштиктүү жана расмий жолугушууларды, консультацияларды, сүйлөшүүлөрдү даярдоого уюштурууга жана өткөрүүгө, материалдарды публикацияга даярдоого ж.б. катышууга жөндөмдүү (КК-15).

***д) эксперттик-аналитикалык ишмердүүлүктө:***

- билим берүү жана маданий агартуучулук мекемелеринде ар кандай долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу иштерине катышууга жөндөмдүү (КК-16);

- экспорттик-консультациялык иштерге, инновациялык долбоорлордун иштерине, конкреттүү социалдык-маданий параметрлердин негизинде долбоорлорду иштеп чыгууга катышууга жөндөмдүү (КК-17);

- социалдык жана маданий имшердүүлүктө жүргүзүлгөн иштердин параметрлерин жана наркын аныктаган ченемдик документтерин жана укуктук актыларын колдонууга жөндөмдүү (КК-18);

- маалыматтык иштеп чыгуу, анализ жана синтез кылуу процессинде негизги окулуп жаткан тилдин адабий формасын эркин колдонууга жөндөмдүү (КК-19).

Бакалаврларды даярдоо боюнча билим берүү программасын иштеп чыгууда бардык универсалдуу комптенциялар, ошондой эле аталган программага тиешелүү болгон кесиптик комптенциялар окутуу программаларынын жыйынтыктарына коюлган талаптардын топтомуна камтылган.

Студенттерди окутуу процессинде даярдоонун конкреттүү профилине байланышкан башка комптенцияларды (атайын кесиптик) да өздөштүрүүгө мүмкүн болот.

Профиль жож тарабынан 5 аталыштан кем эмес сандагы кошумча кесиптик компетенциялар аркылуу аныкталат.

Кошумча компетенциялардын тизмеси квалификациялардын, тармактык/сектордук жана кесиптик стандарттардын улуттук чегинин негизинде аныкталат.

**5.2. Бакалаврларды даярдоо боюнча НББПнын түзүлүшүнө коюлган талаптар**

Бакалаврларды даярдоо боюнча НББПнын түзүлүшү төмөнкү блокторду камтыйт:

Блок 1: «Дисциплиналар (модулдар)»

Блок 2: «Практика»

Блок 3: «Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация»

| Бакалаврларды даярдоо боюнча НББПнын түзүлүшү | | Бакалаврларды даярдоо боюнча НББПнын көлөмү жана анын блоктору, кредиттер менен |
|---|---|---|
| Блок 1 | I. Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл<br>II. Математикалык жана табигый илимдер циклы<br>III. Кесиптик цикл<br>Жалпы: | 20-35<br>10-20<br>140-165<br>165-215 |
| Блок 2 | Практика | 15-25 |
| Блок 3 | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | 10-15 |
| **Бакалаврларды даярдоодогу ЖКББ НББПнын көлөмү** | | **240** |

Бакалаврларды даярдоодо жож НББПны МББСга ылайык иштеп чыгат жана квалификациянын улуттук чегинде окутуунун жыйынтыгына жооптуу болот.

Бакалаврларды даярдоо боюнча НББПнын ар бир блогуна тиешелүү болгон дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын эмгек көлөмүн жож өздөштүрүү жыйынтыктарын эске алуу менен, квалификациялардын улуттук чегинде каралган окутуунун жыйынтыктарынын жыйындысы түрүндө өз алдынча аныктайт.

5.2.1. Бакалаврларды даярдоо боюнча НББП төмөнкүлөрдү ишке ашыруусу керек:

- гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдагы милдеттүү түрдө окула турган дисциплиналар жана алардын тизмеси жана эмгек көлөмү Кыргыз Респбуликасынын билим берүү жана илим тармагындагы мамлекеттик орган тарабынан аныкталат. Аталган дисциплиналарды ишке ашыруу мазмуну жана тартиби тиешелүү бакалавраларды даярдоо багыты боюнча МББС НББП тарабынан түзүлөт.
- Милдеттүү түрдө өздөштүрүлө турган 360 сааттан кем эмес көлөмдөгү дене тарбия жана спорт боюнча дисциплиналар кредит менен эсептелбейт жана бакалаврларды даярдоо боюнча НББП көлөмүнө камтылбайт.

5.2.2. 2-блоктогу «Практика» бөлүмү окуу практикасын (таанышуу, технологиялык, илимий изилдөө иштери ) жана өндүрүштүк (долбоордук, эксплуатациялык, педагогикалык, илимий изилдөө иштери) практиканы камтып турат.

ЖОЖ практиканын бир же бир нече түрүн танадап алуу укугуна ээ, ошондой эле берилген кредиттердин чегинде практиканын кошумча тибин киргизе алат.

5.2.3. 3-блоктогу «Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация» мамлекеттик сынактардан өтүү, бүтүрүү квалификациялык иштерин аткаруу жана аны коргоо (эгер ЖОЖ бүтүрүү квалификациялык иштерин жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына киргизген болсо ) камтып турат.

5.2.4. Бакалаврларды даярдоо боюнча НББПнын чегинде милдеттүү жана элективдүү бөлүктөр көрсөтүлгөн.

Бакалаврларды даярдоо боюнча НББПнын милдеттүү бөлүгүнө улуттук квалификациялардын чегиндеги жалпы илимий, универсалдуу, социалдык-инсандык, жалпы маданияттык жана кесиптик комптенцияларды камсыз кылган дисциплиналар жана практикалар кирет.

Милдеттүү бөлүктүн көлөмү, мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албаганда, бакалаврларды даярдоо боюнча НББПнын жалпы көлөмүнүн 50% түзүп туруусу керек.

Бакалаврларды даярдоо боюнча НББПнын элективдүү бөлүгүндө студенттер багытына ылайык дисциплиналарды тандай алышат, ошону менен бирге башка багыттагы бакалаврларды даярдоо боюнча НББПдагы дисциплиналарды тандоого жол берилет.

5.2.5. ЖОЖ ден соолугу жактан мүмкүнчүлүгү чектелген жактарга бакалаврларды даярдоо боюнча НББПнын чегинде жарандардын психофизикалык өнүгүшүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу, муктаждыкка жараша алардын өнүгүшүнө түрткү берүүгө, социалдык жактан адаптация болууга мүмкүнчүлүк берүүсү керек.

## 5.3. Бакалаврларды даярдоо боюнча НББПны ишке ашыруу шарттарына коюлган талаптар

### 5.3.1. Окуу процессин кадрдык жактан камсыз кылуу

Бакалаврларды даярдоонун НББПсын ишке ашыруу, окутулуп жаткан дисциплинанын профилине ылайык келүүчү базалык билими бар жана илимий жана (же) илимий-методикалык иш менен системалуу алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыз кылынышы керек.

Кесиптик циклдин окутуучуларынын илимдин кандидаты, доктору окумуштуулук даражасы жана (же) тийиштүү кесиптик чөйрөдө иш тажрыйбасы болушу керек.

Илимдин кандидаты, доктору даражасы бар окутуучулардын үлүшү ушул негизги билим берүү программасы боюнча билим берүү процессин камсыз кылып турган окутуучулардын жалпы санынын 40%нан кем эмес болушу керек.

Окумуштуулук даражасы жана окумуштуулук даражасы бар окутуучулардын жалпы санынын 15% аталган багыт боюнча практикалык

жактан 10 жылдын ашык тажрыйбасы бар окутуучулар жетекчилик кызматта же башкы адис катары түзсө болот.

### 5.3.2. Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык жактан камсыз кылуу

Бакалаврларды даярдоонун НББПсын ишке ашыруу ар бир студенттин маалыматтар базасына жана негизги билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча түзүлгөн китепканалык фонддорду жол алуусу менен камсыз кылынуусу керек.

Китепкана фондусу НББПдагы негизги дисциплиналар боюнча негизги жана кошумча окуу адабияттарынын басма же электрондук басылмаларын камтып турушу керек.

Кошумча адабияттардын фондусу 100 билим алуучуга ылайык расмий, билиографиялык жана атайын басылмалардын бир-эки экземплярды камтып туруусу зарыл.

Негизги билим берүү программа бардык окуу курстары, дисциплиналар боюнча окуу-методикалык документация жана материалдар менен камсыз болушу керек. Окуу дисциплиналарынын (курстардын, модулдардын) мазмуну Интернет тармагында же билим берүү уюмунун локалдык тармактарында жайгаштырылышы керек.

Билим алуучулардын аудиториядан тышкары иштери методикалык жактан камсыздалышы керек. Өз алдынча даярдануу учурунда студенттер Интернетке байланышуу мүмкүнчүлүгү болушу зарыл. Билим берүү программасы боюнча ар бир студент профессионалдык циклдагы тиешелүү дисциплиналар боюнча билим программасын кирген бир окуу жана окуу-методикалык басылма же электрондук басылмалар менен камсыз болушу керек.

Китепкана фондусундагы тиешелүү кесиптик ишмердүүлүк (даярдоо профили боюнча) боюнча илимий жыйынтыктар чагылдырылган 5 тен кем эмес электрондук ресурстары болушу зарыл.

Студенттер үчүн ата мекендик жана чет элдик ЖОЖдор, ишканалар жана уюмдар менен ыкчам маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгүн, заманбап кесиптик базаларды, маалыматтык колдонмолорду жана издөө системаларын: электрондук каталогдорду жана китепканаларды, сөздүктөрдү, тилдердин улуттук корпустарын, адабий жана илимий журналдардын электрондук версияларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн түзүп бериш керек.

**5.3.3. Окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоо**

Бакалаврларды даярдоонун негизги билим берүү программасын ишке ашыруучу жогорку окуу жайынын лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттердин жождун окуу планында алдын ала каралган санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен нормаларга ылайык келчү практикалык жана илимий-изилдөөчүлүк иштеринин бардык түрлөрүн жүргүзүүнү камсыз кылуучу материалдык-техникалык базасы болуусу керек.

(Негизги билим берүү программасын материалдык-техникалык жактан камсыз кылуунун маанилүүлүгү көрсөтүлөт, мисалы: полигондор, технологиялык лабораториялар, студиялар ж.б.).

Бакалаврларды даярдоонун негизги билим берүү программасында универсалдуу компетенцияларды калыптандыруу үчүн минималдуу материалдык-техникалык камсыздоо төмөнкүлөрдү камтып турат: лекция, практика жана семинардык сабактарды өткөрүү үчүн окуу аудиториялары; окуу залы жана электрондук маалымат системасы бар китепкана; мультимедиялык технологияларды колдонуу менен сабак өткөрүү үчүн атайын жабдылган кабинеттер жана аудиториялар, локалдык жана глобалдык окуу маалымат тармактарына жана ресурстарына кошулуу үчүн интернет байланышы бар компьютерлер; тиешелүү техникалык каражаттар менен жабдылган окуу-изилдөө лабораториялары; маданий-билим берүү, көнүл ачуучу жана окуудан тышкары иш чараларды өткөрүү үчүн жайлар, залдар жана ден тарбия сбактарын өткөрүүчү аянтчалар; бакалаврларды даярдоо боюнча НББПда ишке ашырылуучу башка талаптар.

ЖОЖ окуу-билим берүү процессин автоматташтыруу үчүн тиешелүү лицензиялык программалык комплекттер менен камсыз болушу керек. Жабдыктарды виртуалдык аналогдор менен алмаштырууга болот.

Студенттер ЖОЖдун бардык электрондук маалыматтык ресурстарын жана бакалаврларды даярдоо боюнча билим берүү программасын колдонуу мүмкүнүчүлүгү менен камыз болушу керек.

Бакалаврларды даярдоо боюнча программанын кесиптик компетенцияларын калыптандыруу үчүн материалдык-техникалык жабдыктардын тизмесине төмөнкүлөр кирет: коммуникациянын ар канай түрлөрүн камсыз кылган заманбап жабдыктар, тилдин, адабияттын, фольклордун, жазма, оозеки жана виртуалдык (гипертекст жана мультимедиялык объектилердин тексттик элементтери) сыяктуу ар кандай типтеги тексттерди үйрөнүүгө багытталган теориялык жана колдонмо филология боюнча окуу-методикалык жана илимий адабияттардын комплектиси менен жабдылган атайын кабинеттер жана лабораториялар;

ЖОЖ ар бир студентке өз алдынча иштерди аткаруу үчүн электрондук басылмаларды колдонууда компьютердик класстарда Интернеттик байланыш үчүн жумушчу орундар менен камсыз кылышы зарыл. Студенттин Интернеттик байланышуусу бир жылда 100 сааттан кем болбошу керек.

### 5.3.4. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатынын бааланышы

Билим берүү программасын өздөштүрүү сапатын баалоо буларды камтыйт: окууда жетишкендиктердин учурундагы көзөмөл, аралыктагы аттестация, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация.

Ар бир дисциплина боюнча окууда жетишкендиктердин учурундагы көзөмөл, аралыктагы аттестациянын конкреттүү формалары жож тарабынан өз алдынча иштелип чыгып, студенттерге окуу процессинин биринчи айында түшүндүрүлөт.

НББПга ылайык студенттердин персоналдык жетишкендиктерин аттестациядан өткөрүү, алган билимин, жөндөмүн, өздөштүргөн

компетенцияларын текшерүү үчүн типтүү тапшырмаларды, текшерүү иштерин, көзөмөл тесттерин жана методдорун камтыган баалоо каражаттарынын фондусу түзүлөт. Баалоо каражаттарынын фондусу жож тарабынан иштелип чыгып, бекитилет.

ЖОЖ тарабынан студенттердин окууда жетишкендиктердин учурундагы көзөмөл, аралыктагы аттестация программаларын келечектеги кесиптик ишмердүүлүк шарттарына максималдуу түрдө жакындатуу үчүн шарттар түзүлүшү керек. Бул ишке конкреттүү дисциплиналарды окуткан окутуучулар менен бирге тышкы эксперттер катары жумуш берүүчүлөр, башка дисциплиналарды окуткан окутуучулар да тартылуусу зарыл.

Студенттерге жалпы окуу процессинин мазмунун, уюшулушун жана сапатын, ошондой эле ар бир окутуучунун иштерин баалоо мүмкүнчүлүгү берилиши керек.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация мамлекеттик сынакты, бүтүрүү квалификациялык иштерин аткаруу жана коргоону (эгер жож бүтүрүү квалификациялык иштерин жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына киргизген болсо) камтып турат.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү аттестациядан өткөрүү, бүтүрүү квалификациялык иштеринин көлөмү, түзүлүшү, мазмуну, ошондой эле мамлекеттик аттестациянын талаптары жож тарабынан аныкталат.

Бул **531000 - Филология** багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты гуманитардык илимдер багытында билим берген базалык ЖОЖдун, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин, алдында түзүлгөн окуу-методикалык бирикмеси тарабынан иштелип чыкты.

**ОМБнын төрагасы** **Козуев Д.И.**

**Түзүүчүлөр:**

К.Карасаев атындагы БМУнун
ШКУУ эл аралык билим берүү программасы бөлүмүнүн  башчысы,
педагогика илимдеринин кандидаты, профессор___________  Елебесова С.А.

К.Карасаев атындагы БМУнун
жалпы жана орус тил илими кафедрасынын башчысы,
филология илимдеринин  кандидаты, доцент ____________ Куттубаева Г.А.

К.Карасаев атындагы БМУнун
славян таануу факультетинин деканы,
филология илимдеринин  кандидаты, доцент ___________ Ниязалиева Р.А.

Ж. Баласагын атындагы КУУнун
орус жана славян филологиясы факультетинин деканы,
филология илимдеринин кандидаты, доцент       ____________ Сардарбек к.Н.

К.Карасаев атындагы БМУнун
кыргыз филологиясы факультетинин деканы,
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент____________ Кенжешов К.Д.

К.Карасаев атындагы БМУнун
кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы,
педагогика  илимдеринин доктору, профессор____________ Акматов Б.М.

К.Карасаев атындагы БМУнун
кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын башчысы,
филология  илимдеринин доктору, профессор___________ Усманбетов Б.Ж.

К.Карасаев атындагы БМУнун

европа цивилизациясы факультетинин деканы,
филология  илимдеринин кандидаты, профессор ________ Кадыркулова Ф.Д.

БААУнун «Жалпы билим берүү дисциплиналар»
бөлүмүнүн окутуучусу,
филология илимдеринин доктору, профессор _______ Камбаралиева У. Ж.

Ж. Баласагын атындагы КУУнун
кыргыз тил илими кафедрасынын окутуучусу,
филология илимдеринин доктору, профессор_____________ Маразыков Т.С